## “Финансы” кафедрасынын тарыхы

“Финансы” кафедрасы бүтүрүүчү кафедра болуп эсептелинип, жогорку билимдүү кесипкөйлөрдү жана бакалаврларды министерстволорго, бөлүмдөргө, камсыздандыруу компанияларга жана ар тараптуу чарбалык субъекттерге даяр кадр катары дайындап окутуп чыгарат. Ар жыл сайын кафедра жаш кесипкөйлөрдү, бакалаврларды жана магистранттарды экономиканын бардык секторуна конкуренттүү кесипкөйлөрдү даярдоодо өзүнүн салымын кошуп турат.

Ата мекендик жогорку мектептин жана чет өлкөлүк тажрыйбалардын салттуу негизин айкалыштырып кафедра окуу процессин калыптап келет. Жыйынтыгында студенттер дүйнөлүк экономиканын каржы областындагы жаңы жетишкендиктер менен тааныша алышат.

**Кафедранын миссиясы** - республиканын экономикасынын өнүгүү шарттарына ыңгайлаша алган финансы тармагында жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо.

**Кафедранын негизги максаты** – Ж.Баласагын атындагы КУУнун билим берүү, илимий, социалдык, маданий жана эл аралык ишмердүүлүк багытында туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу.

Буга жетишүү үчүн кафедра эмгек рыногунун абалын эске алуу менен инновациялык билим берүү технологияларын жана илимий изилдөөнүн заманбап ыкмаларын колдонуу менен инсандын интеллектуалдык өнүгүүсүндөгү муктаждыктарын канааттандырууга көмөктөшүүчү окуу, илимий-методикалык жана тарбиялык иштерди жүргүзөт.

“Финансы” кафедрасында 21 окутуучу иш алып барат, алардын ичинен: 4 экономика илимдеринин доктору, профессорлор, 12 экономика илимдеринин кандидаттары, доценттер, 4 ага окутуучулар, 1 окутуучу эмгектенип, мамлекеттик стандартка дал келген, кафедрага бекитилген сабактарды сапаттуу түрдө камсыздап келишет. Даярдоонун негизги багыты “Экономика” , профили “Финансы” болуп эсептелинет.

Мамлекеттик финансыны, мамлекеттик кирешелердин жана чыгашалардын көйгөйлөрүн, ишканалардын финансыларын жана муниципалдык финансылардын, экономиканын өзгөчөлүктөрүн жана мамлекеттик ишкердүүлүк чөйрөсүнүндөгү - билим берүү, илим, салматтыкты сактоону, мамлекеттик эмгек базарын жөнгө салуусунун теориясын жана тажрыйбасын, инновациялык чөйрөнүн жөнгө салуусун, мамлекеттик сектордогу азыркы шарттагы экономикалык анализди жана эмпирикалык изилдөөнүн принциптерин жана ыкмаларын, ошондой эле бюджеттик чыгашалардын эффективдүүлүгүн баалоо ыкмаларын, финансы менеджментинин өзгөчөлүтөрүнүн ыкмаларын, коомдук финансыга тиешелүү инвестициялык анализдерди жана финансы көзөмөлдөрү тууралуу студенттер окуп тааныша алышат.

“Экономика” багытынын “Финансы” профилинин бүтүрүүчүлөрү муниципалдык жана мамлекеттик органдарда, биржаларда, финансы жана камсыздандыруу компанияларында, инвестициялык фонддордо жана бардык менчик формалуу ишканалардын финансы кызматтарында, мамлекет менен тыгыз байланышта болгон ири коммерциялык түзүмдөрдө, тагыраак айтканда ар кандай мамлекеттик проекттерди жана тапшырыктарды ишке ашыруучу жана каржылоочу банкттарда жана консалтингдик фирмаларда, профессионалдуу адис катары иш аракеттерин көрсөтө алышат,ошондой эле илимий – аналитик жана педагогикалык ишмердүүлүк менен толук иш алып бара алышат.

**“Экономика” багытынын “Финансы” профилин аяктаган бүтүрүүчүлөр төмөндөгүлөрдү биле алышат:**

- Өзүнүн тажрыйбалык ишкердүүлүгүнө финансы боюнча теориялык билимин колдонуу;
- Бардык уюмдардын, баалуу кагаздар базарынын, бюджеттен тышкаркы фонддордун, бизнести реинженерлөөнүн, долбоорлорду башкаруунун каржылоосунун, бюджеттөөсүнүн, жана калыптануусунун негиздерин билүү;

- Финансы системасынын мекемелердинде профессионалдык ишкердүүлүгүнө даяр болуу, стандарттуу эмес жагдайларда аналитикалык мамиле жасоону үйрөнө турган, өз алдынча иш алып бара турган кызматтарда иш алып баруу;
- Стандарттуу эмес жагдайларды чечүү, финансылык алакаларда жана камсыздандырууда экономикалык процесстерди божомолдоо;
- Өзүнүн профессионалдык ишкердүүлүгүнүн келечегин жана финансылык алакалардын келечектеги өнүгүүсүн көрүп билүү;
- Бюджеттен тышкаркы фонддорду уюштуруу негиздерин, инвестициялык портфелдердин, финансы менеджментинин негиздерин билүү, финансы тобокелдиктерин жана финансы көзөмөлдөрүн башкаруу.

## Окуу-методикалык иштер

Финансы кафедрасында окуу-методикалык иштерин уюштуруу Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдагы Мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык иштелип чыккан окуу пландарынын негизинде жүргүзүлөт: 580100 Экономика багыты боюнча бакалавриат (профиль – Финансы жана кредит); 580100 Экономика (профиль – Финансы жана кредит) багыты боюнча магистратура. Финансы кафедрасы бүтүрүүчүү кафедра болуп эсептелинет.

Кафедра ошондой эле 08.00.10 – финансы, акча жүгүртүү жана кредит адистиги боюнча аспирантура жана докторантура боюнча илимий кадрларды даярдайт.

Финансы кафедрасынын профессордук-окутуучулук курамы 2024-2025-окуу жылына кафедрага бекитилген дисциплиналар боюнча окуу-методикалык комплекстерди иштеп чыгуу боюнча иштерди жүргүзүштү. Ошентип, бакалаврдын күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрү, ошондой эле магистратура программалары үчүн баардыгы 40 дисциплиналар боюнча окуу-методикалык комплекстер иштелип чыккан анын ичинен: бакалавриат

үчүн 26 окуу-методикалык комплекстер жана магистратура үчүн 14 окуу-методикалык комплекстер.

## Илимий-изилдөө иши

Илимий-изилдөө иш-чаралары кафедранын илимий-изилдөө иштеринин планына ылайык «Санариптештирүү доорунда Кыргыз Республикасынын финансы системасын модернизациялоо» илимий темасынын алкагында жүргүзүлөт. Кафедранын илимий изилдөөлөрүнүн планы Ж. Баласагын атындагы КУУнун илимий изилдөөлөрүнүн жалпы багыттарына туура келет.

Кафедранын окутуучулары тарабынан илимий макалалар, монографиялар, окуу китептери жана окуу куралдары жарык көргөн. Кафедранын илимий ишмердүүлүгүнүн алкагында профессордук-окутуучулар жамааты тандалган темалар боюнча илимий изилдөөлөрдү жазуу жагынан магистранттар менен тыгыз байланышта иш алып барышат.